**“Сүгөнүм барбы карачы”**

Сап-сап учкан таранчы,
Сабын бир бузбай саначы!
Санжигиттин ичинде,
Сүгөнүм барбы карачы!

Топ-топ учкан таранчы,
Тобун бир бузбай саначы!
Топ жигиттин ичинен,
Сүгөнүм барбы карачы!

Сап-сап учкан таранчы,
Сабын бир бузса болбойбу?
Санжигиттин ичинен,
Сүгөнүм чыгып койбойбу?!

Топ-топ учкан таранчы,
Тобун бир бузбай саначы!
Топ жигиттин ичинен,
Сүгөнүм чыгып койбойбу!